УДК: 78.05.
**DOI:10.58494/esai.24(9).2024.24**

*Пайзилдаева Давлет, ОшМУ, магистрант*

*Пайзилдаева Давлет, ОшГУ, магистрант*

*Paizildaeva Davlet, Osh State University, Master's student*

## КЫРГЫЗ МАДАНИЯТЫНДАГЫ КҮҮ ЧЕРТҮҮ ӨНӨРҮНҮН РОЛУ

***Аннотация.*** *Бул макалада күү чертиш – элибиздин музыкалык маданиятында кеңири таралган аспаптык таймаштын, өнөр жарыштын аталышы болгон феноменине көңүл бурулат. Ошондой эле табияттан талант ыроологон сейрек учураган жөндөмдүүлүктү жана чеберчиликти талап кылган, аспапчылык онорго тиешелүү болгон профессионалдык искусствонун чөйрөсүндө гана боло турган өнөрдүн формасы терең ачылып берилет. Аталган өнөр жарышы жаратмандык жана аткаруучулуктун бийик үлгүсүн эл алдында корсотот, т.а. комузчулардын жогорку чеберчиликтеги дараметин аныктайт.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *комуз, күү, музыкалык аспап, айтыш, эпос, музыка, токмо акын.*

## РОЛЬ ИСПОЛНЕНИЯ МЕЛОДИЙ В КЫРГЫЗСКОЙ КУЛЬТУРЕ

***Аннотация.*** *В данной статье рассматривается феномен исполнения мелодии, являющийся названием инструментального конкурса, художественного состязания, широко распространенного в музыкальной культуре нашего народа. Также углубленно раскрывается тот вид искусства, который можно встретить только в области профессионального искусства, относящегося к инструментальному искусству, требующему от природного таланта редких способностей и умения. Вышеуномянутый творческий конкурс показывает высокий пример творчества и выступления на публике, т.е. определяет высокий квалификационный потенциал работников.*

***Ключевые слова:*** *комуз, напев, музыкальный инструмент, речь, эпос, музыка, поэт.*

## THE ROLE OF MELODY PERFORMANCE IN KYRGYZ CULTURE

***Annotation.*** *This article examines the phenomenon of performing a melody, which is the name of an instrumental competition, an artistic competition that is widespread in the musical culture of our people. Also, the type of art that can be found only in the field of professional art, related to instrumental art, which requires rare abilities and skills from natural talent, is revealed in depth. The above-mentioned creative competition shows a high example of creativity and public performance, i.e. determines the high qualification potential of employees.*

***Key words:*** *komuz, chant, musical instrument, speech, epic, music, poet.*

### Киришүү

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыздардын оозеки салттагы профессионалдык музыкалык искусствосунун уникалдуулугун аспапчылык багыттагы күү чертиш өнөрү менен катар, айтуучулук багыттагы «Манас» трилогиясы баш болгон кенже эпосторунан, дүйнөлүк музыкалык искусстводо кездешпеген комуз күүлөрүнүн жанрдык спецификасындагы сөз менен синкреттик биримдиктеги (уламыштар, баяндар) аткаруучулук менен бирге кол ойнотулган күүлөрүнөн (ыкмалар, штрихтер), аваздык-аспапчылык багыттагы улуттук ыкма менен үн (көмөкөй менен алынган добуш) жаратып ырдоо, ырчынын «партитуралык» түзүмдү сактаган бийик чеберчиликтеги аспаптык коштоо (комуз же кээде кыл-кыяк аспаптарында) менен аткарылган чыгармаларынан көрүүгө болот [1, 406-б].

Оозеки салттагы профессионалдык музыкалык искусствонун айтуучулук багытынын жанры – айтыш өнөрүндөй эле, күү чертиш өнөрү, аспапчылык багыттын хордофон түркүмүндөгү комуз аспабындагы (кыл кыяк менен да күү чертишке катышкандар болгон экен) чыгармачыл инсандардын профессионал музыкант экендигин далилдеген аянтчага айланган. Күү чертиш – элибиздин музыкалык маданиятында кеңири таралган аспаптык таймаштын, өнөр жарыштын аталышы. Ал, табияттан талант ыроологон сейрек учураган жөндөмдүүлүктү жана чеберчиликти талап кылган, аспапчылык өнөргө тиешелүү болгон профессионалдык искусствонун чөйрөсүндө гана боло турган өнөрдүн формасы. Аталган өнөр жарышы жаратмандык жана аткаруучулуктун бийик үлгүсүн эл алдында көрсөтөт, т.а. комузчулардын жогорку чеберчиликтеги дараметин аныктайт.

Күү чертиш термининин экинчи компоненти чертүү деген кыймыл аракетти билдирген сөзгө -иш (-ыш формасында) мүчөсү жалганып, чертиш деген зат атоочтук маани пайда болгон. Кыргыз тилинде мындай жол менен пайда болгон сөздөр көп сандап кездешет. Алсак, айтыш, жарыш, сайыш, алкыш ж.б. Демек, бул сөз комузда күү чертүү менен жарышка түшүү деген маанини туюндуруп турат. Күү чертишке катышуучулар, ал өнөрдү кылымдар бою өнөр айдыңында талапка ылайык формасында сактоо менен устаттан-шакиртке мурас калтырып, кеңири калайыкка таратуучулар – негизинен дасыккан, залкар, чебер комузчулар болгон.

Спортто өзүн көргөзүп, олимпиаданын чемпиону атагын алгандай эле күү чертишке түшкөн (ар бир комузчу катыша алган эмес) комузчу атакка дагы, коюлган байгеге дагы ээ болгон. Күү чертиш таймашы, 10 айтыш сыяктуу эле аш-тойлордо, майрамдарда, жарманкелерде, айылга белгилүү музыкант келип калганда же башка маанилүү иш-чараларда уюштурулуп, өнөрлүү адамдар өздөрүнүн жаратмандык, импровизатордук, аткаруучулук жөндөмдөрүн көрсөтүшкөн [2, 832-б].

Төкмө акындар айтышып, комузчулар чертишкен өнөр жарыштары чыныгы талант ээсин калкка дайын кылып таанытууда, жалпы көрөрмандарга да, катышуучу өнөрпоздорго да маалым болгон талаптарды, критерийлерди аткарышы шарт болгон. «Адатта, алгач өнөр жарышына түшкөн комузчунун бирөө бейтааныш күүнүн эмнеге арналган тарыхын баяндап чертет да, аны атаандашынын (кандай буроодо, ыкмалар, штрихтерде) дал өзүндөй дароо аткарып берүүсүн өтүнөт. Атаандашы болсо чертишүүгө чакырган шайырдын аткарган чыгармасын кудум өзүндөй, чыпчыргасын калтырбай ошол замат аткарып берет да, өзүнүн күүсүн чертип, жарышка чакырган чеберге кайра кезегин берет. Мындай алым сабакташкан өнөр жарышы биринин күүсүн экинчиси черте албай калганга чейин улантылган. Бир сөз менен айтканда, эки комузчунун кайсынысы кезек алып, күүсүн улап аткара албай калса, ошонусу жеңилген”.

Б.Алагушовдун «Кылымдардын кылдары» аттуу китебиндеги күү чертиш өнөр жарышында белгилүү эки комузчу менен беттешкен жалгыз жаш комузчу тууралуу маалымат, калк кадырлоосуна ээ болуш үчүн,“устат-шакирт” өнөрканасынан татыктуу тарбия алуу,даярдануу, машыгуу эмгектенүү менен бирге адамдык фактордун шарданы болгон жерде дүйнө таанымынын кендигине таяна (басынтуу, ызалантуу, келекелөө ж.б. жагдайларында,) психологиялык басымга туруштук берип,тен салмактуулукту сактап, өнөрдүн дараметин гана көргөзүүкерек экендигин далилдейт.

Күү чертиштеги байге ыйгаруунун атайын жобосу болбогондугуна, далил катары той ээлеринин жеңген комузчуга, жеңилген комузчунун комузун алып берүүсүн мисал кылсак болот. Бул мисал, “душманга атын тарттырып жиберген баатырдын” жагдайын эске салат [3, 508-б].

Күү чертиште конкреттүү тематика берилген эмес, комузчулар аткарыла турган күүлөрдү өздөрү тандап (көбүнесе автордук), эркин болуу менен жагдайга жараша импровизациялап, б.а., күү жаратып чертүүсү мүмкүн болгон. Жарыштын чегинде, жаңы чыгарма жаратуу күү чертиштин негизги талаптарына кирген эмес. Ал эми чыгармачылык

тажрыйба алмашууда, музыканттар жолугушуп калышканда, бирибирине чыгарган жаңы күүлөрүнөн чертип беришкен, шакирттери устаттарынын сынына коюшкан.

Бирок, комузчулар кандай гана жылуу мамиледе болушпасын, купуя таймашуу сезими баары бир болуп турган. Бул сезим угуучуларга, б.а. аудиторияга ачык байкалган, анткени көрүүчүлөрдүн кабыл алуусу «баракелде», «бали», «өлбө», «өнөрүң өссүн» деп сүрөгөнүнөн билинип, аспапчылардын шыгына шык кошуу менен атаандаштык сезимдерди күчөткөн. «Күлүктөн күлүк калса, төрт аягы тыбырайт» демекчи, күү чертиш-өнөр жарышында (айтыш, күү чертиш сыяктуу) эки музыканттын таланттуулугунун дараметинин салыштырылышында.

Күү чертиш – өнөр жарышы төмөнкү түрлөргө бөлүнөт: аткаруу чеберчилигин көрсөтүү; жаратмандык искусствону көрсөтүү; жаратмандык чеберчиликти мнемотехника искусствосу аркылуу, күүнү бир аткаруудан кийин эле эстеп калуу менен аткаруу. Күү чертиштин биринчи түрү – аткаруу чеберчиликти көрсөтүү таймашы кеңири тараган. Аспапчылар "камбаркан", "ботой", "кербез" ж.б. жанрлардагы салттуу формада чыккан күүлөрдүн музыкалык-көркөмдүк образын ачып берүү менентехниканы, шык-жөндөмдү көрсөтүүгө жетишип, кезектешип чертишкен. Күү чертиштин мындай классикалык үлгүсүнө XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында жашап өтүшкөн (ага чейинки күү чертишке түшкөндөрдүн ысмы, тилеккке каршы, жазылбай, сакталбай калган) залкар комузчуларды Токтогул менен Майлыбай, Боккөтөн менен Майлыбай, Тайтеке менен Мадыган, Муратаалы менен Чыңгышбай, Ниязаалы менен Майлыбай, Муратаалы менен Карамолдо ж.б. атоого болот [4, 248-б].

Кандай гана эл болбосун тили, каада-салты, маданияты сыяктуу эзелтеден келе жаткан көркөм өнөрү, анын ичинде музыкалык аспаптары бар. Андай байыркы аспаптар кыргыз элинде да аз эмес. Алар үйлөмө, чертме, урма, тартма, какма аспаптар болуп бөлүнөт. Элдик музыкалык үйлөмө аспаптар чоор, сурнай, керней, жезнай, сыбызгы, чымылдак, кылдуу чертмек – комуз, жаалуу тартма – кыл кыяк, тилдүү какма – темир ооз комуз, жыгач ооз комуз кирет. Аталган аспаптардын бардыгы элдик музыканын өнүгүшү үчүн дайыма эле бирдей даражада байытуучу мааниге ээ болгон эмес. Анткени алардын үн чыгаруу, ыргактык мүмкүнчүлүктөрү да ар кандай болгон.

Булардын баардыгы чыгармаларды (күүлөрдү) акыл-эске тутуу, элестөө, тубаса угуу сезимдин күчү, нукура музыкалык кабылдоонун, түрдүү эмоционалдуу абалдын кудурети аркасында жүзөгө ашкан. Мындай өнөрчүлүктү кылымдан-кылымга, ооздон-оозго, мууданмуунга, өткөрүп, өнүктүрүп, улам кийинки урпактарга мурас калтырып, эл ичинен чыккан таланттуу музыкант-аткаруучулардын болгонуна, кыргыз элинин тарых барактары күбө [5, 128-б].

XX кылымдын башынан элдик аспаптардын жаралышы, жасалыштүзүлүштөрү, аларда аткаруу ыкмалары, мүмкүнчүлүктөрү ж. б. сапаттары боюнча А. В. Затаевич, В. С. Виноградов, В. М. Беляев [6, 20-б]. Б. Алагушов, С. Субаналиев сыяктуу музыка изилдөөчүлөр өзүлөрүнүн эмгектеринде жазып калтырышкан. Өткөн доорлордо ойнолуп жүрүп, тарыхый ар кандай кырдаалдын натыйжасында убактылуу колдонуудан чыгып, унутта калган элдик аспаптарыбызды кайрадан эске салып, изилдеп, уюткулуу журтчулугубуздун тээ ата-бабадан калган музыкалык өнөр тарыхын кайрадан жандандырып, узун элдин учуна, кыска элдин кыйрына жеткирип келген Ч. Исабаев атындагы «Камбаркан» фольклордук-этнографиялык ансамблинин түзүлүшү журтчулугубуздун көөдөнүндөгү көйгөйүн чечип, буулуккан бугун жазгандай чоң окуя болду. Бул мезгилдерде элдик аспаптарда жекече аткаруучулуктун салттуулугу маселелери боюнча маданият таануу илимдеринин кандидаты Муратбек Касей мындайча жазган: "XX кылымды аяктай кыргыз музыкалык маданиятынын өнүгүүсүндө көп жылдардан бери козголуп келе жаткан карама-каршылыктар күч алды.

**Корутунду**

Кылымдардан кылымдарга тарыхый жашоо – шартка байланыштуу, аспаптардын калк арасында таралышы, пайдаланышы да өзгөрүп турган. Айрымдары бир кезде жашоо-тиричиликтин ажырагыс бөлүгү болуп келсе, кийинчерээк сейректеп, же болбосо толугу менен колдонуудан чыгып калган. Өткөн доорлордо жаралган эпостордо, орто кылымдардын музыка таануучуларынын илимий эмгектеринде, саякатчылардын макалаларында элдик музыкалык аспаптар жөнүндө баалуу маалыматтар кездешет.

Элибизде ноталык жазма маданият болбогондуктан, музыкалык чыгармачылыгыбыз оозеки салтында, ооздон оозго көчүп, муундан муунга өтүп жашоолорун улантышкан. Шайырлар чыгармачылыктарын негизинен төкмөчүлүк ырларды, күүлөрдү чыгаруу, айтуу, жайылтуу, чертүү менен өнүктүрүшкөн. Ал эми кийинки муундар тигил же бул музыкантты ээрчүү, көрүү, колун кармап, чыгармасын угуп отуруп үйрөнүү өңдүү ар кандай жолдор менен улантышкан.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Касей М. История кыргызского народного инструментального исполнительского искусства. Учеб. пособие для музык. вузов и училищ. Бишкек: тип. «Т. Сарыбаев», 2017. 406 с.,

2. Кайбылдаев, А. Кыргыз күүлөрү: иликтөөлөр, ойлор, пикирлер / А. Кайбылдаев; долбоордун жетекчиси, илимий ред. Э. Көчүмкулова; Борбордук Азия ун-ти. – Бишкек: Борбордук Азия ун-ти, 2011. – 2-китеп. – 832 б.

3. Алагушов. Б. Кылымдардын кылдары: (Элдик аспапчы шайырлардын чыгармачылыктарына арналган очерктердин түрмөктөрү) / – Бишкек: Шам, 2005. – 508 б.

4. Традиционная музыка: история, проблемы сохранения и развития (Материалы международного научного семинара, 24-25 апрель) – Бишкек: 2004. – 248 б.

5. Склютовская Т.М. Киргизская камерно-инструментальная музыка. Фрунзе: Адабият, 1989. 128 с.

6. Виноградов В.А., А.В. Затаевич жана кыргыз элдик музыкасы (А.В. Затаевичтин Кыргыздын аспаптык күүлөрү жана обондору китебинде. - М.: 1971, 20-б.